**Колдонулган адабияттар**

1. Абдыисаева Б.А., Кожомбердиева Ж.Т. Роль event-маркетинга в управлении брендом // Евразийское научное объединение, 2019, №5-5 (51), с.334-336.

2. Афанасиади О.В. Event-маркетинг. – Режим доступа: http://media.professionaly.ru/processor/wiki/original/2014/04/24/event-marketing.pdf. –

3. Берлов А. Эволюция event-менеджера. – Режим доступа: https://eventmarket.ru/articles/org/detail.php?ID=6380

4. Котлер Ф. Основы маркетинга. – Москва: Вильямс, 2007, 647 с.

5. Кули К., МакЭван К. Корпоративные мероприятия, которые стали легендой. – Москва: Бизнес образование, 2006, 256 с.

6. Назимко А. Событийный маркетинг: руководство для заказчиков и исполнителей. – Москва: Вершина, 2007, 227с.

УДК 070
DOI 10.58649/1694-8033-2024-1(117)-194-197

**Халилов А.Д.**
Ж.Баласагын атындагы КУУ
**Халилов А.Д.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Halilov A.D.**
KNU J. Balasagyn

SPIN-код: 3278-3236, ORCID: 0009-0006-2441-7662

# УЧУРДАГЫ ЭКСТРЕМАЛДЫК ЖУРНАЛИСТИКА
# СОВРЕМЕННАЯ ЭКСТРЕМАЛЬНАЯ ЖУРНАЛИСТИКА
# MODERN EXTREME JOURNALISM

**Кыскача мүнөздөмө:** Аталган макалада жалпы журналистиканын бир багыты катары эсептелген “экстремалдык журналистика” тууралуу, анын өз алдынча багыт катары мааниси, проблемалары жана актуалдуулугу жөнүндө сөз болот. Учурдагы “экстремалдык журналистиканын” келип чыгуу зарылдыгы аныкталат, коомчулуктагы орду белгиленет.

**Аннотация:** В данной статье речь идет об экстремальной журналистике, рассматриваемой как одно из направлений журналистики в целом, а также о ее значении, проблемах и актуальности как самостоятельного направления. Определяется необходимость возникновения современной экстремальной журналистики, ее место в обществе.

**Abstract:** This article will focus on extreme journalism, considered as one of the areas of journalism in general, as well as its significance, problems and relevance as an independent direction. The necessity of the emergence of modern extreme journalism is determined, its place in society is established.

**Негизги сөздөр:** коом; журналистика; ММК; экстремалдык жагдай; экстремалдык журналистика; журналист-экстремал; табигый кырсыктар; согуштук конфликтер.

**Ключевые слова:** общество; журналистика; СМИ; экстремальные обстоятельства; экстремальная журналистика; журналист-экстремал; стихийные бедствия; военные конфликты.

**Keywords:** society; journalism; mass media; extreme circumstances; extreme journalism; extreme journalist; natural disasters; military conflicts.

Адам баласынын жашоосу тынч, бир кылка, бир нукта өтпөйт тура. Мезгил мезгили менен жер шарынын тигил же бул жеринде табигый кырсыктар, согуштук конфликттер, жардыруулар болуп турат. Айрым региондордо абал тынч болуп "кой үстүнө торгой жумурткаласа", башка бир жерлерде эл менен бийликтин тирешүүсү, миңдеген адамдардын өмүрүн алган террористтик көрүнүштөр, жер титирөөлөр, суу ташкындары менен коштолуп жүрүп олтурууда [1]. Мындай жагдайлардан Кыргызстан деле сыртта калган жери жок. Башкасын айтпаганда да чек ара чыр чатактары менен жыл сайын кайталанып туруучу жер көчкү, сел,суу ташкындары маселесин айтсак жетиштүү го. Глобалдык, локалдык масштабда дүйнөдө эмнелер болуп жаткандыгын жер планетасынын жашоочулары билип, кабардар болуп тургулары келет. Мына ушундай экстремалдык окуяларды элге жеткирип айтуу да журналисттердин милдетине кирет. Албетте, алар согуштук аракеттер болуп жаткан жерлерден окуяны чагылдыруу менен өз өмүрүнө коркунуч жаратпай койбойт. Эл аралык конвенциялардагы журналисттик ишке тоскоолдук кылып, анын өмүрүнө коркунуч келтирүүгө эч кимдин акысы жок болсо да, "от күйгөн" точкаларда иш алып барган журналисттердин өмүрүнө эч кепилдик жок. Өмүр менен өлүмдүн ортосунда жүрүп окуяны чагылдырып, маалымат берүүлөрү керек. Табигый кырсык көптүн бириндей эле журналисттин өмүрүн да алып кетиши мүмкүн. Бирок, кандай болгон күндө да мындай окуялар тууралуу эл маалымат алуусу зарыл. Өз өмүрлөрүнөн коркушуп, журналисттер мындай окуяларды чагылдыруудан баш тартышса, анда аны глобалдык, локалдык масштабдагы аудиторияга ким жеткирет? Маалыматтык боштукка кептелип, жүздөгөн, миңдеген жарандардын өмүрүн алып жаткан кырсыктар, конфликттер жөнүндө эч нерсе билбей олтура беребизби?

Журналистикада этияттыкты, тездикти, сактыкты талап кылган журналисттик ишмердүүлүктү акыркы убактарда экстремалдык журналистика деп атап жүрүшөт. Өзгөчө кырдаалдарда иштеген журналисттер, журналист-экстремалдар деген атка конушту. Журналистика боюнча окуу китептерде: "экстремалдык журналистика – бул конфликттик журналистиканын бир түрү, өзгөчө окуя, фактыларды таанып, аңдап билүү болуп эсептелет", - деп айтылат [2]. Көпчүлүк учурларда журналист өзү экстремалдык кырдаалда калгандыктан маалыматты таркатуусу мүмкүн болбой калуусу да мүмкүн. Ошондой эле журналист-экстремалдар маалыматты алып, аны таратуудагы этикалык жагдайларды, тиешелүү мыйзамдарды билүүсү зарыл. Эч качан жарандардын психологиясына терс таасирин тийгизе турган өңүттө чагылдырбоо керек. Окуянын кандай багытта уланарын билбей туруп комментарий жасоодон, чечкиндүү бүтүм чыгаруудан оолак болуу талап кылынат. Согуштук аракеттер болуп жаткан жерде окуя саат, ал гана эмес мүнөт сайын өзгөрүп турушу мүмкүн. Журналисттин экстремалдык кырдаалда иштөөсү ага бардыгын айтып, бардыгын көрсөтүүгө боло берет дегендике жатпайт. Ошондуктан акыркы убакта батыш өлкөлөрүндө атайын журналист экстремалдарды даярдоого өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Россияда да экстремалдык журналистика борбору бул багытта иштиктүү иш алып барууда. Экстремалдык журналистика – журналистиканын теориясынан бөлүнүп каралып,

өзүнчө окуп үйрөнүү зарыл экендиги талап кылынууда [3]. Журналистиканын бул түрү согуштук тирешүүлөр, экстремисттик, террористтик, сепаратисттик көрүнүштөр көп болгон жерде өнүккөндүгүн айтпаса да түшүнүктүү. Алсак, Кавказда, Палестина, Израил, Ирак, Россияда журналист экстремалдардын тажрыйбалары чоң. Кыргызстанда обьективдүү себептерден улам журналистиканын бул түрү калыптанган эмес. Эсибизде, 1999-жылы Баткен окуясы алгач башталганда кыргыз журналисттери кантип, кандай өңүттө чагылдырууну билбей кыйналышкан. Этикалык жагдайлар унутта калган. Бирок, өлкөбүздөгү андан кийинки ири саясий окуялар экстремалдык кырдаалдарды жаратып, ата мекендик журналисттердин тажрыйбасынын артышына түрткү болду. 2010-жылы Апрель окуясында чет өлкөлүк журналисттер менен бирге кыргыз журналисттери да октордун мөндүрдө жаагандыгына карабай окуяны тасмага түшүрүп жатышты. Алардын өмүрүнө эч кандай кепилдик жок эле.

Бирок, мурдагы президент К.Бакиев Жалал-Абаддагы үйүндө жашынып жатканда Россиянын тележурналисттери коркпой барып интервью алышты. Мурдагы ИИМдин жетекчиси, маркум М.Конгантиевдин кейиштүү абалын ОРТ каналынын журналисттери тасмага түшүрүп, аны эфирден көрсөтүштү. Бул жагдай кыргыз журналисттеринин али да болсо экстремалдык кырдаалдарга даяр эмес экендигинен кабар берди. Ал гана эмес кийинки эле кыргыз- тажик чек арасындагы окуяны чагылдырууда деле биздин журналисттердин бул багытта тажрыйбасыз экендиги байкалды.

Бүгүнкү күндө журналист-экстремалдардын арасында бир дилема жашап келет. Коркунучтуу, өзгөчө жагдайларды тасмага түшүрүп алуу зарылбы, же ошол учурда жардамга муктаж адамдарга жардам берүү туурабы? Өлүм алдында жаткандарга жардам берип, көңүл айтуу зарылбы, же кандай гана болбосун маалыматты алып, таркатуу башкы орундабы? Канткенде кесипкөйлүктү да көрсөтүп, ошол эле мезгилда адам бойдон калса болот? Журналисттик этика бул боюнча эмне дейт. Азыркы журналист-экстремалдарды – “силерге сенсация болсо эле болду, башкасын уруп ойнобойсуңар, адам өмүрү менен ишиңер жок”, – деп жемелешет [4]. Бул көрүнүш журналист-экстремалдарды, журналист теоретиктерди ойлонткон суроолор бойдон калууда.

Согуштук конфликт болуп жаткан жердеги журналисттер эле экстремалдык кырдаалда иштегендер болуп эсептелбей, тынч убакта деле кандайдыр бир маалыматты алууга аракет жасап, бир маселе үстүндө иликтөө жүргүзгөндөр да экстремалдык кырдаалда иш жүргүзүшөт. Журналист экендигин жашырып, оңтойлуу учурдан пайдаланып маалымат чогултууга туура келет. Башка кесиптин өкүлү катары жашыруун аракеттерге барышы мүмкүн. Жашыруун аудио, видео каражаттарын колдонгон учурлар болот. Мындай учур айрыкча өздөрүн журналист-иликтөөчү катары жарыялап иш алып барган журналисттердин аракетинен байкалат. Мында албетте, кандайдыр бир деңгээлде журналисттин ден-соолугуна, өмүрүнө коркунуч пайда болбой койбойт. Этият, сак болуу керек. Ушундай ыкмаларды колдонуу менен маалымат чогултуп, иликтөө жүргүзүү өзгөчө Батыштын журналисттерине мүнөздүү. Мындай ыкмалар аркылуу алууга мүмкүн болбогон маалыматтарга жете алышат. Бизде, тилекке каршы, мындай ыкмаларды колдонуу толук калыптана элек. Балким журналисттик иликтөөнүн өнүгүүсү менен колго алына башташы мүмкүн [5]. “Московский комсомолец Кыргызстана” гезитинин мурдагы редактору Улукбек Бабакулов экстремалдык кадамдарга көп баргандыгы анын иликтөө материалдарынан көрүнөт эле. Ошондой эле УТРКнын мурдагы журналисти И.Кулназаров “Илич иликтейт” теледолбоорунда экстрмалдык кырдаалдарда иштеп жүрдү. Бирок бул саамалык улуттук

журналистикада кийинки учурларда анчейин активдешпей калууда. Экстремалдык журналистика учурда укуктук, мыйзамдык, этикалык жана техникалык жактан өнүгүүлөрдү баштан кечирүүдө. Биринчи орунга сенсация эмес, адам өмүрү, этикалык жагдайлар чыгууда [6]. Журналист-экстремалдар башкы орунга өзгөчө учурларды тасмага түшүрүп, же сүрөткө тартып алууну эмес, чындыкты чагылдырууну коё баштады. Бул, албетте жакшы көрүнүш. Маселеге мындай мамиле улантылып, журналисттик чөйрөдө кеңири жайылтылууга тийиш. Мезгилдин өнүгүүсү менен Кыргызстанда да журналист-экстремалдардын атайын тобу пайда болуп, "освещай, но не вреди" деген принципти карманып иш алып барышарына ишеним бар. Ансыз ата мекендик журналистиканын өнүккөндүгү жөнүндө сөз кыла албай калабыз.

**Колдонулган адабияттар**


1. Авдеев Ю.И. Терроризм как социокультурное явление // Современный терроризм: состояние и перспективы: под. ред. Е.И.Степанова. – Москва, 2000.
2. Белозерова Ю.А. Террористические акты в российской и американской прессе: психологический аспект. – Москва, 2004.
3. Библиотека центра экстремальной журналистики. (www.library.cjes.ru)
4. Журналистика и война. Исследовательская группа Российско-Американского информационного центра. – Москва, 1998.
5. Журналисты в "горячих точках". Технология профессионального поведения. – Москва, 2000.
6. Князев А. Журналистика конфликта. – Бишкек, 2001.



УДК 070
DOI 10.58649/1694-8033-2024-1(117)-197-201



**Халилов А.Д., Барманов С.М.**
Ж.Баласагын атындагы КУУ
**Халилов А.Д.[1], Барманов С.М.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Halilov A.D., Barmanov S.M.**
KNU J. Balasagyn

SPIN-код: 3278-3236, ORCID: 0009-0006-2441-7662[1]


# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮКТҮН ШАРТЫНДА УЛУТТУК РУХАНИЙ БААЛУУЛУКТАРДЫ ЖАЙЫЛТУУДА ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮДӨ РЕСПУБЛИКАЛЫК МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТЫНЫН РОЛУ
# РОЛЬ РЕСПУБЛИКАНСКИХ СРЕДСТВ МАССОВОЙ ИНФОРМАЦИИ В РАСПРОСТРАНЕНИИ И РАЗВИТИИ НАЦИОНАЛЬНЫХ ДУХОВНЫХ ЦЕННОСТЕЙ В УСЛОВИЯХ НЕЗАВИСИМОСТИ
# THE ROLE OF THE REPUBLICAN MEDIA IN THE DISSEMINATION AND DEVELOPMENT OF NATIONAL SPIRITUAL VALUES IN CONDITIONS OF INDEPENDENCE